**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ** | **КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 30-октябры, № 654

**Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясын бекитүү жөнүндө**

Эл аралык билим берүү мейкиндигинде интеграцияланган жана таанылган улуттук мектептик билим берүү системасын түзүү, глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген, улуттун социалдык-маданий мурасынын сакталышын жана өнүгүшүн камсыз кылган сапаттуу билим берүүгө коомдун муктаждыктарын канааттандыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясы (мындан ары – Концепция) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги ар бир кварталдын жыйынтыгы боюнча отчеттук мезгилден кийинки айдын 25инен кечиктирбестен Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына Концепцияны аткаруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты берип турсун.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Бишкек шаарынын мэриясы (макулдашуу боюнча) тийиштүү жылга базистик окуу планын оптималдаштыруунун эсебинен жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлерине эмгек акы төлөө фондун каржылоону жүргүзсүн.
4. Бул токтомду ишке ашыруу менен байланышкан чыгымдар Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине тийиштүү жылдарга бөлүнгөн каражаттардын чегинде, Концепцияны



**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ** | **КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 30 октября 2024 года № 654

**Об утверждении Концепции перехода на двенадцатилетнее школьное образование в Кыргызской Республике**

В целях построения национальной системы школьного образования, интегрированной и признанной в международном образовательном пространстве, удовлетворения потребностей общества в качественном образовании, позволяющем быть глобально конкурентоспособным, обеспечивающем сохранение и развитие социокультурного наследия нации, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Утвердить Концепцию перехода на двенадцатилетнее школьное образование в Кыргызской Республике (далее – Концепция) согласно приложению.
2. Министерству образования и науки Кыргызской Республики по итогам каждого квартала, не позднее 25 числа месяца, следующего за отчетным периодом, предоставлять в Администрацию Президента Кыргызской Республики информацию о ходе выполнения Концепции.
3. Министерству образования и науки Кыргызской Республики и мэрии города Бишкек (по согласованию) производить финансирование фонда оплаты труда педагогических работников общеобразовательных организаций за счет оптимизации базисного учебного плана на соответствующий год.
4. Установить, что расходы, связанные с реализацией настоящего постановления, осуществляются в пределах средств, выделенных Министерству образования и науки Кыргызской Республики на соответствующие годы, другие расходы, связанные с реализацией Концепции, осуществляются в рамках Плана действий по поэтапному

ишке ашыруу менен байланышкан башка чыгымдар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-июлундагы № 402-т тескемеси менен бекитилген 2024–2028-жылдарга Кыргыз Республикасында мектептик билим берүүнүн он эки жылдык түзүмүн этабы менен киргизүү боюнча иш-аракеттер планынын алкагында, Кыргыз Рееспубликасынын республикалык бюджетинин мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен жүргүзүлөт деп белгиленсин.

5. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) бул Концепциянын аткарылышын камсыз кылсын.

6. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

внедрению двенадцатилетней структуры школьного образования в Кыргызской Республике на 2024–2028 годы, утвержденного распоряжением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 4 июля 2024 года № 402-р, с учетом возможностей республиканского бюджета Кыргызской Республики.

5. Государственным органам, местным государственным администрациям и органам местного самоуправления (по согласованию) обеспечить выполнение данной Концепции.

6. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

7. Настоящее постановление вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

Тиркеме

**Кыргыз Республикасында он эки жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясы**

## Киришүү

Кыргыз Республикасында 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү концепциясы (мындан ары – Концепция) Кыргызстанда мектептик билим берүү системасын уюштуруунун максаттарын, милдеттерин, принциптерин жана өнүктүрүү багыттарын чагылдырган негизги документ болуп саналат.

Концепция Кыргыз Республикасынын Конституциясына (46-берене), «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына жана 2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасына, ошондой эле 2021–2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасына жана аны ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планына ылайык иштелип чыккан.

Азыркы учурда дүйнөлүк коомчулуктун жана ар бир өлкөнүн турмушунун экономикалык, социалдык, саясий, маданий чөйрөлөрүндө өсүп келе жаткан муундун социалдашуусун жакшыртууну талап кылган маанилүү түзүмдүк жана мазмундуу өзгөрүүлөр болуп жатат.

Мектеп – мамлекеттин коомдук түзүлүшүнүн фундаменталдуу негиздери, анын социалдык-экономикалык жана саясий түзүлүшү, коомдук турмуштун жана ар бир жарандын жашоосунун мүнөзү жана басымдуу багыты менен органикалык түрдө байланышкан эң ири социалдык институт. Мектеп менен коом бири-бирине өз ара таасир берет.

Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн мисалында көрүнүп тургандай, XXI кылымда экономикалык потенциал жаратылыш ресурстарынын болушуна же жоктугуна эмес, адам капиталын өнүктүрүү деңгээлине көз каранды. Ал биринчи кезекте сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгү жана анын жеткиликтүүлүгү менен аныкталат.

Бүткүл дүйнө жүзү билим берүүнүн жаңы моделин/моделдерин издөөдө. Ошол эле учурда билим берүү экономикалык тартипти индустриялаштыруу башталгандан бери концептуалдык жактан жаңыланган жок.

Кыргыз Республикасында билим берүүнүн жаңы түзүмүнүн калыптанышынын жана мазмунун жаңылоонун контексти болуп бир катар глобалдык трендер саналат:

Приложение

**Концепция перехода на двенадцатилетнее школьное образование в Кыргызской Республике**

## Введение

Концепция перехода на 12-летнее школьное образование в Кыргызской Республике (далее – Концепция) является основополагающим документом, отражающим цель, задачи, принципы организации и направления развития системы школьного образования в Кыргызстане.

Концепция разработана в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики (ст. 46), Законом Кыргызской Республики «Об образовании», Национальной стратегией развития Кыргызской Республики на 2018–2040 годы и Национальной программой развития Кыргызской Республики до 2026 года, а также Программой развития образования в Кыргызской Республике на 2021–2040 год и плана действий по ее реализации.

В настоящее время в экономической, социальной, политической, культурной сферах жизни мирового сообщества и каждой отдельной страны происходят важные структурные и содержательные изменения, требующие улучшения социализации подрастающего поколения.

Школа – крупнейший социальный институт, который органически связан с фундаментальными основами общественного устройства государства, его социально-экономической и политической организацией, с характером и доминирующей направленностью общественной жизни и жизни каждого гражданина. Школа и общество оказывают взаимное влияние друг на друга.

В XXI веке экономический потенциал, как это видно на примере многих стран мира, зависит не столько от наличия или отсутствия природных ресурсов, сколько от уровня развития человеческого капитала. Он же определяется в первую очередь возможностью и доступностью получения качественного образования.

Глобально весь мир находится в поиске новой модели/моделей образования. При этом образование концептуально не претерпело обновления со времени начала индустриализации экономического уклада.

Контекстом становления новой структуры и обновления содержания образования в Кыргызской Республике является ряд глобальных трендов:

– глобальные технологические изменения обуславливают ускорение изменений в промышленности, экономике и обществе. Происходит рост сложности глобальных рынков и систем управления

– глобалдык технологиялык өзгөрүүлөр өнөр жай, экономика жана коомдогу өзгөрүүлөрдүн тездешин шарттайт. Глобалдык рыноктордун жана башкаруу системаларынын татаалдыгынын өсүшү жана жаңы тармактарды, кластерлерди, иштин жана кооперациянын башка формаларын түзүүнүн эсебинен улуттук атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн жаңы булактарын издөө жүрүп жатат;

– эмгек рыногу динамикалуу түрдө трансформацияланууда. Өндүрүштө жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө салттуу кесиптердин 70 %га чейини жасалма интеллект, роботтор, автоматташтырылган логистикалык системалар ж.б. киргизилгендигине байланыштуу 2035-жылга карата алмаштырылышы мүмкүн. Бүгүнкү күндө түшүнүк калыптана элек билимди жана көндүмдөрдү талап кылган жаңы кесиптер пайда болот. Бул өмүр бою билим алууну калыптандыруу зарылдыгын жаратат, анын түзүүчүсү болуп мектеп жана ошондой эле кошумча билим берүү түзүмдөрү да саналат;

– санариптик инструменттердин өнүгүшү, маалыматка жана билим берүү ресурстарына кеңири жеткиликтүүлүк жаңы муундардын социалдык-маданий, когнитивдик, психологиялык жөндөмдөрүнө таасирин тийгизет. Мектеп билим берүү монополиясын жоготуп бара жатат, анын натыйжасында коомдун билим берүү системасына болгон жаңы күтүүлөрү пайда болууда;

– билим берүү жана эмгек мобилдүүлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү окуучулардын маданий жана тилдик адаптациялоо, жаңы чөйрөдө жемиштүү өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн өнүктүрүү, ошондой эле билим берүүнүн ар кандай деңгээлдеринде (мисалы, Билим берүүнүн эл аралык стандарттык классификациясынын (мындан ары – БЭСК) негизинде) адамдын билиминин натыйжаларын жана квалификациясын салыштырууну камсыз кылуу зарылдыгын шарттайт;

– климаттын өзгөрүшү, жаратылыш ресурстарынын түгөнүшү, технологиялык, финансылык жана экологиялык стандарттардын кысымы менен байланышкан адамзат үчүн маанилүү факторлорду актуалдаштыруу билим берүүдө жаңы жүрүм-турум стратегияларын чагылдырууну талап кылат.

Ушундай шарттарда жалпы билим берүү уюмун жаңылоо орто жалпы билим берүүнүн жаңы сапатына жетишүү үчүн зарыл болот, бул 2018–2040-жылдары Кыргыз Республикасын улуттук өнүктүрүү стратегиясында: «Дүйнөдөгү жана региондогу татаал жана тез өзгөрүп турган экономикалык жана геосаясий кырдаал, коомдук жашоонун негизги чөйрөлөрүн жана глобалдуу экономиканын секторлорун камтыган санариптик трансформация, Жердин экосистемасына адамзаттын таасир тийгизүүсүнүн өсүшү, анын айынан глобалдык климаттын жана демографиянын өзгөрүүсү өлкөнү өнүктүрүүнүн жаңы моделин түзүүнү талап кылат» деп белгиленген.



и поиск новых источников национальной конкурентоспособности за счет создания новых отраслей, кластеров и других форм деятельности и кооперации;

– динамично трансформируются рынки труда. До 70 % традиционных профессий в производстве и сфере услуг могут быть заменены в связи с внедрением искусственного интеллекта, роботов, автоматизированных логистических систем и др. к 2035 году. Будут появляться новые профессии, которые потребуют знаний и навыков, о которых сегодня, возможно, не сформированы представления. Это вызывает необходимость выстраивания образования на протяжении всей жизни, составляющими которого является как школа, так и структуры дополнительного образования;

– развитие цифровых инструментов, широкий доступ к информации и образовательным ресурсам влияет на социокультурные, когнитивные, психологические способности новых поколений. Школа утрачивает монополию на передачу знаний и, как следствие, появляются новые ожидания общества от системы образования;

– расширение возможностей образовательной и трудовой мобильности предполагает необходимость развития у обучающихся навыков культурной и языковой адаптации, продуктивного взаимодействия в новой среде, а также обеспечение сопоставимости результатов обучения и квалификации человека на разных уровнях образования (например, на основе Международной стандартной классификации образования (далее – МСКО);

– актуализация жизненно важных для человечества факторов, связанных с изменением климата, исчерпанием природных ресурсов, давлением технологических, финансовых и экологических стандартов, требует отражения в образовании новых поведенческих стратегий.

В этих условиях обновление общеобразовательной организации становится необходимым для достижения нового качества среднего общего образования, что отмечено в Национальной стратегии развития Кыргызской Республики на 2018–2040 годы: «Сложная и быстро меняющаяся экономическая и геополитическая ситуация в мире и в регионе, цифровая трансформация, охватившая основные сферы общественной жизни и сектора глобальной экономики, рост давления человечества на экосистему Земли, выразившийся в изменениях глобального климата и демографии, требуют формирования новой модели развития страны».

Важной частью такой модели является качественное образование, которое должно обеспечить воспитание гармоничной личности, раскрытие потенциала каждого человека, формирование применимых на практике знаний и компетенций.

Бул моделдин маанилүү бөлүгү болуп сапаттуу билим берүү саналат, ал гармониялуу инсанды тарбиялоону, ар бир адамдын потенциалын ачууну, практикада колдонула турган билимди жана компетенттүүлүктү калыптандырууну камсыз кылышы керек.

## 1-глава. 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүнүн негиздери, максаттары жана милдеттери

Кыргызстанда 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүнү шарттаган негизги себептердин катарында төмөнкүлөр бар:

– өзгөрүп жаткан дүйнөнүн шарттарында бүтүрүүчүлөрдүн жөндөмдөрүнүн ачылышын камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын билим берүү системасын түзүмдүк кайра түзүү жана билим берүүнүн мазмунун жаңылоо зарылчылыгы;

– компетенттүүлүк мамиле методологиясынын негизинде билим берүүнүн сапатын жакшыртуу;

– билим берүүнүн деңгээлдеринин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу;

– окуучулардын кызыкчылыктарын эске алуу үчүн, анын ичинде профилдик окутуу аркылуу жеке билим берүү траекториясын (окутууну дифференциациялоо) түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, ошондой эле кесиптик (кесипке чейинки) көндүмдөргө ээ болуу үчүн кесиптик билим берүү уюмдары менен өз ара аракеттенүү;

– билим берүү жаатында мамлекеттик жана коомдук институттардын социалдык өнөктөштүк системасын калыптандыруу зарылдыгы, билим берүүнүн экосистемасын түзүү, бул мамлекеттин, коомдун жана билим берүү процессинин ар бир катышуучусунун ортосунда билим берүү үчүн жоопкерчиликти бөлүштүрүүнүн жаңы системасын издөөнү шарттайт;

– мектептик билим берүүнүн бүтүрүүчүлөрүнүн мобилдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине интеграциялоо зарылдыгы;

– алты жаштагы балдарды мектепке чейинки даярдоо менен жалпы камтуу жана бирдей жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу.

Реформанын максаттары болуп: эл аралык билим берүү мейкиндигинде интеграцияланган жана таанылган улуттук билим берүү системасын түзүү; улуттун социалдык-маданий мурасынын сакталышын жана өнүгүшүн камсыз кылган, глобалдык атаандаштыкка жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген сапаттуу билим берүүгө коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу саналат.

Билим берүүнү реформалоонун милдеттери:

– билим берүүнүн бардык деңгээлдеринин жаңы билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу, анын ичинде ийгиликтүү эл аралык практикалардын тажрыйбасына негизделген окуу пландарын жана



## Глава 1. Основания, цели и задачи перехода к 12-летнему школьному образованию

В ряде основных причин, обусловливающих переход к 12-летнему школьному образованию в Кыргызстане, следующие:

– необходимость структурной перестройки системы образования Кыргызской Республики и обновление содержания образования для обеспечения успешной самореализации выпускников в условиях меняющегося мира;

– улучшение качества образования на основе методологии компетентностного подхода;

– обеспечение преемственности уровней образования;

– обеспечение возможности выстраивания индивидуальной образовательной траектории (дифференциация обучения) для учета интересов обучающихся, в том числе через профильное обучение, а также взаимодействие с организациями профессионального образования для получения (пред) профессиональных навыков;

– необходимость становления системы социального партнерства государственных и общественных институтов в области образования, формирование экосистемы образования, что предполагает поиск новой системы распределения ответственности за образование между государством, обществом и каждым участником образовательного процесса;

– необходимость интеграции в мировое образовательное пространство для обеспечения мобильности выпускников школьного образования;

– обеспечение общего охвата и равного доступа к предшкольной подготовке шестилетних детей.

Целями реформы являются: построение национальной системы образования, интегрированной и признанной в международном образовательном пространстве; удовлетворение потребностей общества в качественном образовании, позволяющем быть глобально конкурентоспособным, обеспечивающем сохранность и развитие социокультурного наследия нации.

Задачи реформирования образования:

– разработка новых образовательных стандартов всех уровней образования, внедрение и адаптация учебных планов и программ, основанных в том числе и на опыте успешных международных практик. Разработка и внедрение национального компонента, основанного на социокультурных потребностях общества и государства;

– обучение и переподготовка педагогических работников в соответствии с внедрением 12-летнего образования на уровне дополнительного профессионального образования;

– инфраструктурные изменения и материально-техническое

программаларын киргизүү жана адаптациялоо. Коомдун жана мамлекеттин социалдык-маданий муктаждыктарына негизделген улуттук компонентти иштеп чыгуу жана киргизүү;

– кошумча кесиптик билим берүүнүн деңгээлинде 12 жылдык билим берүүнү киргизүүгө ылайык педагогикалык кызматкерлерди окутуу жана кайра даярдоо;

– мектептик билим берүүнүн деңгээлдеринин түзүмүн өзгөртүүнү жана анын мазмунун жаңылоону эске алуу менен билим берүү уюмдарын инфраструктуралык өзгөртүү жана материалдык-техникалык жабдуу;

– билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында 12 жылдык билим берүүдө окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктерине мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын иштеп чыгуу жана жаңылоо;

– 12 жылдык билим берүүнү киргизүүнү маалыматтык жактан коштоо. Окуучуларга, ата-энелерге жана педагогдорго жаңы билим берүү системасына ийгиликтүү ыңгайлашууга жардам бере турган маалыматтык ресурстардын кеңири жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу.

## 2-глава. Учурдагы абалды талдоо

Мектептик жана мектепке чейинки билим берүү менен камтуу.

Азыркы учурда Кыргызстанда орто жалпы билим берүү менен тиешелүү куракагы балдарды камтуу 93,5 %ды түзөт. 2023/2024-окуу жылынын башталышына карата 1-класстан 11-класска чейин (даярдоо класстарын кошкондо) 1,491 млн окуучу 2377 мектепте (алардын ичинен: мамлекеттик – 2173, менчик – 204 мектеп) окуган, бул 2022/2023-окуу жылына караганда 43 миң балага көп. Пландаштырылган 12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүү окуучулардын санынын уланып жаткан жана байкалган өсүшү менен шайкеш келүүдө – 2020-жылдагы 1,35 млн окуучудан 2029-жылга карата 1,67 млн окуучуга чейин.

Бала бакчаларга 233,9 миң бала барат, бул 28,3 % түзөт. 2023/2024-окуу жылынын башталышына карата 86,6 миң бала мектепке чейинки даярдоо менен камтылган (72,9 миң – жалпы билим берүү уюмдарында жана 13,6 миң – мектепке чейинки билим берүү уюмдарында) (Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтары), бул процесске 35,6 миң бала тартылган эмес.

Алты жаштагы балдарды «Наристе» программасы менен толук камтууну камсыз кылуу үчүн 61 293 бала үчүн 2 452 класстарды ачуу жана педагогдорго жумасына 15 сааттык окуу жүктөмүн кошуу зарыл. Кошумча класстардын педагогдоруна эмгек акы төлөө үчүн жылына 731,7 млн сом керек.



оснащение образовательных организаций с учетом преобразований структуры уровней школьного образования и обновлений в его содержании;

– разработка и обновление системы мониторинга и оценки образовательных достижений обучающихся при 12-летнем образовании с целью улучшения качества образования;

– информационное сопровождение внедрения 12-летнего образования. Обеспечение широкого доступа к информационным ресурсам, которые помогут обучающимся, родителям и педагогам успешно адаптироваться к новой системе образования.

## Глава 2. Анализ текущей ситуации

Охват школьным и предшкольным образованием.

В настоящее время в Кыргызстане охват детей соответствующего возраста средним общим образованием составляет 93,5 %. На начало 2023/2024 учебного года с 1 класса по 11 класс (включая подготовительные классы) обучалось 1,491 млн обучающихся в 2377 школах (из них: государственные – 2173, частные – 204 школы), что на 43 тыс. детей больше, чем в 2022/2023 учебном году. Планируемый переход на 12-летнее школьное образование совпадает с продолжающимся и заметным ростом числа школьников – с 1,35 млн в 2020 году до 1,67 млн в 2029 году.

Детские сады посещают 233,9 тыс. детей, что составляет 28,3 %. На начало 2023/2024 учебного года предшкольной подготовкой были охвачены 86,6 тыс. детей (72,9 тыс. – в общеобразовательных организациях и 13,6 тыс. – в дошкольных образовательных организациях (данные Национального статистического комитета Кыргызской Республики), не были вовлечены в этот процесс 35,6 тыс. детей.

Для обеспечения полного охвата детей шестилетнего возраста программой «Наристе» необходимо для 61 293 детей открыть 2 452 класса и добавить педагогам 15 часов учебной недельной нагрузки. Для оплаты труда педагогов дополнительных классов на один учебный год необходимо 731,7 млн сомов.

Обеспеченность кадрами.

В связи со значительным ростом числа детей растет и число педагогов: с 2020 до 2024 года в системе дошкольного образования с 8301 до 10426 и в системе школьного образования с 82055 до 93531. Предпринятые в 2022 году усилия по повышению социального статуса педагога позволили в 3 раза сократить нехватку педагогов, которая на начало 2023/2024 учебного года составила 720 человек.

При переходе к 12-летнему образованию системе начального общего образования единовременно потребуется дополнительно

Кадрлар менен камсыз болуу.

Балдардын санынын олуттуу өсүшүнө байланыштуу 2020-жылдан 2024-жылга чейин мектепке чейинки билим берүү системасында 8301ден 10426га чейин жана мектептик билим берүү системасында 82055тен 93531ге чейин педагогдордун саны өсүүдө. 2022-жылы педагогдун социалдык статусун жогорулатуу боюнча көрүлгөн аракеттер педагогдордун жетишсиздигин 3 эсеге кыскартууга мүмкүнчүлүк берди жана 2023/2024-окуу жылынын башына карата 720 адамды түздү.

12 жылдык билим берүүгө өтүүдө башталгыч жалпы билим берүү системасына гана бир учурда кошумча 3,8 миң педагог талап кылынат жана ал жыл сайын дагы 300гө жакын адамга көбөйүп турат.

Кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу.

Мектептердин 12 жылдык билим берүүгө өтүүнүн алкагында жаңыланган стандарттарга жана программаларга даярдыгын камсыз кылуу үчүн 2025-жылдын январынан тартып 2027-жылдын августуна чейин 83 миң педагогдун жана 7,3 миң директордун жана директорлордун орун басарларынын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоону уюштуруу зарыл. Болжолдуу чыгымдар 414,6 млн сом өлчөмүндө аныкталган.

Педагогдорду даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу бир катар олуттуу маселелерди жаратууда. Мектеп директорлорунун пикири көрсөткөндөй, жогорку окуу жайларынын (мындан ары – ЖОЖ) көптөгөн бүтүрүүчүлөрү билим берүү кызматкерлерине карата коюлган талаптарга жооп бербейт. Жаңы талаптарга ылайык педагогдорду даярдоо жана кайра даярдоо программаларын кайра карап чыгуу жана педагогикалык багытта даярдоону ишке ашырган жогорку окуу жайларынын кафедраларынын кызматкерлерин окутуу талап кылынат.

Инфраструктура.

12 жылдык мектептик билим берүүгө өтүүдө өзгөчө ири шаарларда инфраструктура боюнча бир катар маселелер жаралат. Даярдоо жылында эле билим берүү системасына кошумча 35–40 миңге чейин бала келет, андан ары жыл сайын окуучулардын санынын өсүшү 10 миң адамга жетиши мүмкүн. Алты жаштагы балдарды 100 % камтуу үчүн долбоордук кубаттуулугу 500 окуучулук орун болгон кошумча 168 мектеп, башталгыч класстарда ысык тамак берүү маселелерин чечүү талап кылынат. Мектептердин ашыкча толуп кетүү коркунучу бар, айрыкча Бишкек жана Ош шаарларында, ошондой толуп кетип, 2–3 нөөмөт менен иштеп жаткан райондук борборлордогу мектептерде.

Учурда мектептер ар бир облус жана район боюнча 3 жылдык демографиялык божомолдорду эске алуу менен картага түшүрүлүүдө. Жаңы мектептерди/мектептерге кошумча курулмаларды куруу планы каржылоо булактарын көрсөтүү менен алынган маалыматтардын



3,8 тыс. педагогов с ежегодным увеличением примерно на 300 человек.

Подготовка кадров и повышение квалификации.

Для обеспечения готовности школ к обновленным в рамках перехода к 12-летнему образованию стандартам и программам необходимо в течение января 2025 года – августа 2027 года организовать повышение квалификации и переподготовку 83 тыс. педагогов и 7,3 тыс. директоров и заместителей директоров. Ориентировочные затраты определены в размере 414,6 млн сомов.

Вызывает ряд серьезных вопросов подготовка педагогов и повышение квалификации. Как показывают отзывы директоров школ, многие выпускники высших учебных заведений (далее – вуз) не соответствуют требованиям, предъявляемым к работникам образования. Потребуется пересмотр программ подготовки и переподготовки педагогов в соответствии с новыми требованиями и обучение работников кафедр вузов, реализующих педагогические направления подготовки.

Инфраструктура.

При переходе к 12-летнему школьному образованию встанет ряд вопросов по инфраструктуре, особенно в крупных городах. Только в подготовительный год в систему образования придут до 35–40 тыс. детей дополнительно, в дальнейшем ежегодный прирост обучающихся может достигать 10 тыс. человек. Для 100 % охвата детей шестилетнего возраста потребуется 168 дополнительных школ с проектной мощностью 500 ученических мест, решение вопросов горячего питания в начальных классах. Существует риск переполненности школ, особенно в городах Бишкек и Ош, а также в районных центрах, где школы переполнены и уже работают в 2–3 смены.

В настоящее время проводится картирование школ с учетом 3-летних демографических прогнозов для каждой области и района. Поскольку на основе полученных данных разрабатывается план строительства новых школ/пристроек к школам с указанием источников финансирования, выполнение данного плана будет являться критически важным для обеспечения перехода к 12-летнему образованию.

Для оснащения 1-х классов потребуется 6800 класс-комплектов мебели и обеспечение учебным оборудованием для 5568 старших классов.

Цифровая инфраструктура.

В 2023/2024 учебном году охват школ сетью Интернет составлял 95,5 % (к Интернету подключено 2269 школ, из них 2085 государственные школы; в 2024 году будут подключены еще 189 государственных школ). При переходе к 12-летнему образованию необходимо обеспечить 100 % школ высокоскоростным Интернетом, достаточно устойчивым для использования его в урочной

негизинде иштелип чыккандыгына байланыштуу бул планды аткаруу 12 жылдык билим берүүгө өтүүнү камсыз кылуу үчүн абдан маанилүү болуп эсептелет.

1-класстарды жабдуу үчүн 6800 класс-комплект эмерек жана 5568 жогорку класстар үчүн окуу жабдуулары менен камсыз кылуу талап кылынат.

Санариптик инфраструктура.

2023/2024-окуу жылында мектептерди Интернет түйүнү менен камсыздоо 95,5 % түздү (2269 мектеп Интернетке кошулду, анын ичинен 2085 мамлекеттик мектеп; 2024-жылы дагы 189 мамлекеттик мектеп кошулат). 12 жылдык билим берүүгө өтүүдө 100 % мектептердин сабак өтүү ишинде колдонуу үчүн жетишерлик туруктуу жогорку ылдамдыктагы Интернет менен камсыз кылуу, мектептерди лабораториялар, анын ичинде виртуалдык, жана педагогго мамлекеттик билим берүү стандартында талап кылынган билим берүү натыйжаларына жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү башка дидактикалык каражаттар менен камсыздоо зарыл.

2017–2019-жылдары Азия өнүктүрүү банкынын (мындан ары – АӨБ) долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (мындан ары – БИМ) алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту сервердик система, компьютердик класстар, электрондук билим берүү ресурстары, синхрондуу (бир эле учурда 10 миң угуучуну камтуу менен) жана асинхрондуу формада онлайн-окутуу үчүн санариптик окутуу платформасы, табигый-илимий жана математикалык предметтер боюнча педагогдор үчүн лабораториялык жабдуулар менен жабдылган. 2022–2023-жылдары Дүйнөлүк банктын долбоорунун алкагында жогорку технологиялык жабдуулардын жана программалык камсыздоонун жардамы менен кесипкөй деңгээлдеги видеоконтентти (видеосабактарды) түзүүгө мүмкүндүк берүүчү заманбап видеостудия уюштурулган.

Дүйнөлүк банктын долбоорунун алкагында 2022/2023-окуу жылында 1200 мектепте жана 8 педагогикалык колледждерде атайын компьютердик класстар түзүлгөн. Мектептерге эмерек менен жабдылган 25 миң компьютер, сканерлер, принтерлер, көчүрүүчү модулдар берилген, мультимедиялык класстар жабдылган. Мектептерге компьютердик техниканын жеткирилишин эске алуу менен заманбап системалык талаптарга жооп берген 1 компьютерге туура келген окуучулардын саны 12/1 деңгээлине жеткирилген (2020-жылга салыштырмалуу – 27/1). Дүйнөлүк банктын колдоосу менен педагогдордун квалификациясын жогорулатуу үчүн видеоматериалдарды онлайн-режиминде эркин пайдалануу мүмкүндүгүн берген санариптик билим берүү платформасы иштелип



деятельности, провести оснащение школ лабораториями, в том числе виртуальными, и другими дидактическими средствами, позволяющими педагогу достигнуть требуемых государственным образовательным стандартом образовательных результатов.

В 2017–2019 годах в рамках проекта Азиатского банка развития (далее – АБР) Республиканский институт повышения квалификации и переподготовки педагогических работников при Министерстве образования и науки Кыргызской Республики (далее – МОН) был оснащен серверной системой, компьютерными классами, электронными образовательными ресурсами, цифровой обучающей платформой для онлайн-обучения в синхронной (с одновременным охватом до 10 тыс. слушателей) и асинхронной формах, лабораторным оборудованием для педагогов по естественно-научным и математическим предметам. В 2022–2023 годах в рамках проекта Всемирного банка организована современная видеостудия, которая позволяет создавать видеоконтент (видеоуроки) профессионального уровня благодаря высокотехнологичному оборудованию и программному обеспечению.

В рамках проекта Всемирного банка в 2022/2023 учебном году в 1200 школах созданы специальные компьютерные классы и 8 педагогических колледжей. Школы получили 25 тысяч компьютеров с мебелью, сканеры, принтеры, копировальные модули, мультимедийные классы. С учетом поставок в школы компьютерной техники число школьников, приходящихся на 1 компьютер, соответствующий современным системным требованиям, доведено до уровня 12/1 (по сравнению с 27/1 в 2020 году). При поддержке Всемирного банка проводится разработка цифровой образовательной платформы, предоставляющей свободный доступ в онлайн-режиме к видеоматериалам для повышения квалификации педагогов. Создаются условия для использования в обучении информационных технологий, развивается электронная библиотека и формируются обучающие материалы в первую очередь на государственном языке.

Разрабатывается проектная программа «Личный ноутбук для каждого учителя «Санарип кампа», являющаяся репозиторием цифровых образовательных ресурсов, что позволит педагогу работать в цифровой среде.

Обеспечение учебными материалами.

За период 2019–2023 годов издано 2 млн 75 тыс. учебников на общую сумму 378,6 млн сомов. В 2023 году на подготовку и приобретение учебно-методических комплексов из республиканского бюджета выделено 152 млн сомов. Из них 5 млн сомов были предназначены для печати учебников со шрифтом Брайля для граждан с ограниченными возможностями.

В 2024 году началась работа по адаптации учебников, подготовленных по Кембриджским стандартам (издательский дом

чыгууда. Окутууда маалыматтык технологияларды колдонуу үчүн шарттар түзүлүүдө, электрондук китепкана өнүгүүдө жана окутуучу материалдар биринчи кезекте мамлекеттик тилде түзүлүүдө.

Санариптик билим берүү ресурстарынын репозиторийи болуп эсептелген «Ар бир мугалим үчүн жеке ноутбук «Санарип кампа» долбоордук программасы иштелип чыгууда, бул педагогго санариптик чөйрөдө иштөөгө мүмкүндүк берет.

Окуу материалдары менен камсыз кылуу.

2019–2023-жылдар аралыгында жалпы суммасы 378,6 млн сомго 2 млн 75 миң окуу китеби басып чыгарылган. 2023-жылы окуу-методикалык комплекстерди даярдоого жана сатып алууга республикалык бюджеттен 152 млн сом бөлүнгөн. Анын ичинен 5 млн сом мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн Брайл шрифти менен окуу китептерин басып чыгарууга багытталган.

2024-жылы Кыргызстандын мектептери үчүн STEM-билим берүүнүн негизинде мамлекеттик жана расмий тилдерге котормосу менен табигый-илимий циклдин предметтери үчүн Кембридж стандарттары боюнча даярдалган окуу китептерин (Маршалл Кавендиш басма үйү) адаптациялоо иши башталды.

12 жылдык мектепти жаңыланган мазмун менен камсыз кылуу үчүн 8,7 млрд сомго 17,4 млн окуу китебин (1 окуучуга 12 окуу китеби) 100 % алмаштыруу керек. Окуу китептерин, эксперттик, ата-энелер жана педагогикалык коомчулугунун пикирлерин талдоо алардын мазмунунун мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына шайкеш келбегендигин, компетенттүүлүк мамилеге ылайык келбегендигин көрсөтүп турат, билим берүү максаттарын билүү менен коюу көпчүлүк учурда үстөмдүк кылат, операциялык максаттардын жоктугу, окуу китептеринде жана жумушчу дептерлерде компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар системасынын жоктугу, окуу китептеринин тексттери теориялаштырылган, ашыкча академиялык мүнөздө, илимий мүнөзү басымдуулук кылат, татаал синтаксис, билимдин негизинде милдеттердин конструктору, практикага багытталган тапшырмалар минималдаштырылган жана критикалык жана чыгармачыл ой жүгүртүүнү калыптандырууга, ошондой эле турмуштук кырдаалдык маселелерди чечүүгө багытталган эмес. Лабораториялык иштер көйгөйлүү маселелерди чечүү жана өз алдынча изилдөө иштерин жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылбастан, эмнени жана кантип аткаруу керек экенин белгилөө менен алдын ала алгоритмдештирилген. Сүрөттөр/иллюстрациялар көбүрөөк даражада констатациялоочу-демонстрациялоочу функцияны аткарат, б.а. бул айрым түшүнүктөрдүн мазмунунун проекциясы. Илимпоздордун сүрөттөрү, алардын кыска өмүр баяны, туулган жана өлгөн даталары, суроолору илимпоздордун өлгөн күнүн (жылын) аныктоого багытталган тесттер менен ашыкча толтурулган. Бирок,



Маршалл Кавендиш) для школ Кыргызстана, по предметам естественно-научного цикла на основе STEM-образования с переводом на государственный и официальный языки.

Для обеспечения обновленного содержания в 12-летней школе необходима 100 % замена 17,4 млн учебников (12 учебников на 1 обучающегося) на 8,7 млрд сомов. Анализ учебников, мнения экспертной, родительской и педагогической общественности демонстрируют недостаточное соответствие их содержания требованиям государственного образовательного стандарта, несоответствие компетентному подходу, в большинстве своем превалирование знаниевой постановки образовательных целей, отсутствие операциональных целей, отсутствие системы компетентно-ориентированных заданий в учебниках и рабочих тетрадях, тексты учебников теоретизированы, сверхакадемичны, научный характер превалирует, усложненный синтаксис, конструктор задач на знаниевой основе, практико-ориентированные задания минимизированы и не направлены на формирование критического и креативного мышления, а также на решение жизненных ситуационных задач. Лабораторные работы заранее алгоритмизированы с установкой, что и как выполнять, не обепечивая возможность решать проблемные задачи и осуществлять самостоятельные исследовательские поиски. Рисунки/иллюстрации в большей степени несут констатирующе-демонстрирующую функцию, т.е. это проекция содержания некоторых понятий. Перенасыщенность фотографиями ученых, их короткими биографиями, датами рождения и смерти, тестами, вопросы которых направлены на определение даты (года) смерти ученых. Однако учебники успешных образовательных систем, которые входят в десятку лучших мировых образовательных систем, демонстрируют соответствие потребностям, установленным в стандартах, потребностям педагогов и обучающихся, в них присутствуют междисциплинарные взаимосвязи, контент, моделирующий реальные жизненные ситуации, контент, вызывающий стимул и мотивацию к обучающему процессу.

Качество образования.

Проведенное в 2021 году исследование Национального оценивания образовательных достижений учащихся (далее – НООДУ) в 4 и 8 классах показало, что значительная часть обучающихся по-прежнему имеет невысокие показатели по чтению и пониманию, математической и естественно-научной грамотности по результатам обучения и на начальном, и на основном уровнях школы. Положительная динамика отмечается по естественно-научной грамотности, формируемой через интегрированный предмет «Родиноведение» (в настоящее время «Я и мир») в начальных классах, по чтению, пониманию и математической грамотности в 8 классах по сравнению с предыдущим замером НООДУ в 2017 году.